**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү / А. Акматалиев. – Б. Кыргызстан., 1996. – 45-50 б.
2. Кайыпова Ж. Студенттердин көркөм өнөөгө болгон кызыгуусун өнүктүрүү теориясы жана методикасы. Бишкек-2011. 57-б.
3. Кыргыз Совет энциклопедиясы.
4. Акматалиев А. Кыргыздын колдонмо-жасалга кол өнөрү [Текст] /А. Акматалиев. - Ф: Адабият, 1989, – 62-74 б.
5. Тырс Л. Ю. Жапан кол өнөрчүлүгү –" Кинусайга". 2019. 150-б.
6. Полина Выборнова Жапон кинусайга техникасы – искусство. 2018. 300-б.
7. Шабанова М. Г. Кинусайга техникасы менен картина. 2017. 145-б.



УДК 373.2:745
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-260-270



**Жолдошева А.**
И. Арабаев атындагы КМУ, костюмдун технологиясы жана чеберчилиги, текстиль кафедрасы, окутуучу
**Жолдошева А.**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра технология и искусство костюма, текстиля, преподаватель
**Zholdosheva A.**
KSU I. Arabaeva, Department Technology and art of costume, textiles, teacher


# ЭЛДИК КОЛДОНМО-ДЕКОРАТИВДИК ИСКУССТВО МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ
# НАРОДНОЕ ДЕКОРАТИВНО-ПРИКЛАДНОЕ ИСКУССТВО КАК СРЕДСТВА ВОСПИТАНИЯ МАТЕРИАЛЬНОЙ И ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ
# FOLK ARTS AND CRAFTS AS A MEANS OF EDUCATING MATERIAL AND SPIRITUAL CULTURE


**Аннотация:** макалада колдонмо- жасалга өнөрүнүн түрлөрү жана алардын келечектеги мугалимге руханий тарбия берүүдөгү ролу каралган. Ошондой эле,педагогикалык эксперименттин материалдары берилип, .келечектеги технология мугалимдерине кыргыз элинин колдонмо-декоративдик искусствонун түрлөрү тууралуу маалымат берүүнүн форма методдору сунушталган.

**Аннотация:** в статье рассмотрены основные виды декоративно-прикладного искусство и их значение в духовно-нравственном воспитании будущего учителя технологии. Также был представлен материал педагогического эксперимента, будущим учителям технологии были предложены методы и формы информирования о прикладном и декоративно-прикладном искусстве кыргызского народа.

**Annotation:** the article discusses the main types of arts and crafts and their importance in the spiritual and moral education of the future technology teacher. The material of the pedagogical experiment was also presented, the future teachers of technology were offered methods and forms of informing about the applied and arts and crafts of the Kyrgyz people.



**Негизги сөздөр:** окутуу, тарбиялоо, каада-салт, колдонмо- декоративдик искусство.

**Ключевые слова:** обучения, воспитания, традиция, декоративно-прикладное искусство.

**Keywords:** training, education, tradition, decorative and applied art.

Көп улуттуу Кыргызстандын элинин руханий жана маданий салттарына негизделген, Ата-Мекендин тагдыры үчүн жоопкерчиликти сезген жаранды тарбиялоонун мааниси болуп көрбөгөндөй өсүүдө. Мына ушул проблеманы чечүүгө компетенттүү мугалимдерди даярдоо педагогикалык окуу жайлардын негизги милдети болуп саналат.

Азыркы кезде билим берүү системасында этномаданий салттарды колдонуунун актуалдуулугу өсүүдө. Жалпы гуманитардык көз караштан алганда этномаданий салттардын ички баалуулуктарга ээ болгондугу кызыгууну жаратат. Ошол эле учурда өз элинин улуттук маданиятына, каада-салттарына кызыгуу, аларды изилдөөгө жана сактоого умтулуу адамдын патриоттук, адеп-ахлактык сапаттарын чагылдырган маанилүү көрсөткүч болуп саналат. Болочоктогу мугалимдердиндин бул багытта потенциалын өнүктүрүү үчүн педагогикалык окуу жайларда алардын кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн каражаттарын чыгармачылык менен өздөштүрүүсү үчүн эмне кылуу керек деген маселени чечүү зарылдыгы келип чыкты..

Студенттерди көркөм жана декоративдик-колдонмо искусствонун каражаттары менен тааныштыруу алардын дүйнө таанымын ойготуп, эстетикалык, адеп-ахлактык, патриоттук сезимдерин жана ишенимдерин тарбиялап, көз карашын туура түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Декоративдик-колдонмо искусство студенттерди өз өлкөсүнүн патриоту кылып тарбиялоого активдүү көмөктөшүп, элдердин бузулбас достугунун жана алардын тилектештигинин реалдуу жана потенциалдуу зор күчүн көрүүгө жардам берет.

Студенттерди кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү менен тааныштыруу жалпы дидактиканын – окутууну турмуш менен байланыштыруу, систематуулук, жекече мамиле жасоо ж.б. принциптерине негизделет..мына ушул максатта И. Арабаев атындагы КМУнун көркөм өнөр факультетине (2019-2022-ж.ж.) 1-курска өткөн, студенттердин арасында изилдөөлөрдө жүргүздү. Изилдөөнүн алгачкы этабында эксперименталдык (74 студент) жана текшерүүчү (76 студент) топтор аныкталып, алардын кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн түрлөрү, алардын мааниси, өзгөчөлүктөрү ж.б.у.с. маселелер боюнча билим деңгээлин, кызыгуусун аныктадык. Эки топтун студенттери аталган маселе боюнча тууралуу толук кандуу айтып бере алышпайт, түшүнүктөрүнүн жалпы деңгээли негизинен бирдей болгон (таблица №1)

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде студенттер төмөндөгүдөй кыйынчылыктарга туш боло тургандыктарын аныктадык:

– көпчүлүгүнүн азыркы кездеги кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү боюнча жеткиликтүү маалыматтары жок;
– студенттердин көбү кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнө байланышкан эмгек көндүмдөрүнө ээ эмес;
– алар кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү боюнча агартуучулук жардамга муктаж;

Изилдөөнүн калыптандыруучу этабында эксперименталдык топтогу студенттерге атайын даярдалган программа боюнча иш жүргүзүлүп, төмөндөгүлөргө көңүл бөлүндү:

1) кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү теориялык маалыматтарга, практикалык көндүмдөрүнө ээ кылуу;
2) кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүн жеке адам жана коом үчүн маанисин түшүндүрүү;
3) студенттерге кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү боюнча маалымат берүүдө алардын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алынды;

4) студенттин кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнө кызыгуусун өнүктүрүүгө жана калыптандырууга.

Бул максатта маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү тууралуу аңгемелешүүлөр, лекциялар, диспуттар, жолугушуулар, ишкер оюндар, тренингдер ж.б. иш чаралар уюштурулуп, ар түрдүү иштерде өзүлөрүн текшерип көрүү үчүн ишкер оюндарды өткөрүлдү.

Лекцияларда жана аудиториядан тышкаркы иштерде эксперименталдык топтордун студенттерин кыргыз элинин декоративдик-прикладдык искусствосунун түрлөрү менен терң тааныштырууга көңүл бөлүндү. Төмөндө айрымдарына токтоло кетели.

**Курак.** Кыргыздардын эзелтеден бери эле белгилүү көркөм чыгарма-чылыгынын кызыктуу түрү. Кыргыз элинин салттуу курагы оюм-чийимди, геометриялык элементтердин басымдуу колдонулушу менен мүнөздөлөт. Композиция карама-каршы түс элементтеринин катышына негизделип жасалгаланган.

**Саймачылык** – кыргыздардын прикладдык искусствосунун эң байыркы түрү. Ал ар түрдүүлүгү жана кооздугу,эркин импровизацияланышы менен мүнөздөлөт. Алар жүндөн, жибектен жана пахтадан жасалган жиптер менен кездемелерге, булгаарыга, кийизге сайма жасашкан. Уздар бул иште жибек, баркыт, сатин материалдарын колдонушкан. Сайма менен боз үйдүн ички жасалгалары, буюмдары, кийимдер, аялдардын баш кийимдери, ат жасалгалары, ар кандай сумкалар, кутулар, каптар кооздолгон.

**Туш кийиз**. Саймачылык өнөрүнүн эң мүнөздүү үлгүсү– туш кийиз. Бул килем туурасы узун тик бурчтуктун формасына ээ. Ортоңку бөлүгү сайма менен толтурулбаган бир түстүү кездемеден турат. Килемдин үстү жана капталдарыы сайма жээкчеленет. Килемдин үстүнкү бөлүгү көбүнчө бир, эки же үч үч бурчтук жана кошумча жасалгалоочу элементтер жана тумарлар менен кооздолгон. Түш кийиз эң сонун сайма оюмдарынын так ыргагы, оймо-чиймелердин байлыгы жана тигиштердин ар түрдүүлүгү, түс алмашып туруунун өзгөчө кооздугу менен айырмаланат. Илгери туш кийизди кооздоодо көбүнчө кундуздун терисин колдонушкан

**Аяк кап.** Бул баштык көп учурда тегеректелген түбү бар, этеги колго токулган чачыла жана сайма менен тегеректелген. Баштыктын үстү кайталанбаган, бирок негизги композициянын темасын өнүктүргөн саймаланган үч бурчтуу жапкычы бар.

**Текче** – тик бурчтуу килемче түрүндөгү, вертикалдуу тартылган аялдардын асма текчеси. Кээде композициясы боюнча туш-кийизге окшошуп, алдыңкы бөлүгү толугу менен сайма менен капталат. Көбүнчө сайманын негизин ийри өзөк же бир катар кайталануучу мотивдер түзөт (тумар, кыял, борборлоштурулган салгычтар). Көпчүлүк текчелердин түсү кызгылт жана кара кызыл түстөр басымдуулук кылат.

**Териден жасалган буюмдар.** Кыргыздар булгаарыдан жасалган тиричилик буюмдарын колдонушкан. Мурда тиричилик буюмдарын жасоо үчүн материал катары булгаары кеңири колдонулган. Тери алгачкы иштетилгенден кийин андан бут кийим жана кийим (койдун терисинен) тигилген. Сүт азыктары үчүн идиш-аяктар (сабаа, көөкөр, көнөчөк) ийленген төөнүн терисинен жасап, аны ыштаган. Үй-тиричилик буюмдарын (жыгач сандык, табак үчүн куту ж. б.) жана ат жабдыктарын (куюшкан, ооздук, басмайыл, камчы) жасоо үчүн бодо малдын, төөнүн, жылкынын териси колдонулган. Сүт азыктары үчүн идиштерди аялдар, чөйчөктөрдү эркектер, ат жабдыктарын атайын усталар жасашкан. Булгаарыдан жасалган буюмдарды кооздоодо оймо-чиймелерди тартуунун ар кандай

ыкмалары колдонулган. Чыны кап, сактоочу булгаары кутулардын формасы ар түрдүү болуп, оюп түшүрүлгөн жана чегилген металл пластиналар менен кооздолгон.

**Ат жабдыктары.** Кыргыздар ат жабдыктарынын жасалгасына өзгөчө көңүл бурушкан. Ат жабдыктарынын комплекси – бул бирдиктүү толук көркөм комплект. Ат жабдыктарынын комплектисине кирген буюмдардын көбү булгаарыдан жана металлдан жасалган. Ээр токум көбүнчө түстүү булгаары аппликациялары менен капталып, оюм-чийимди түзгөн күмүш пластиналар, кооздук мыктарменен сымпоочтолгон. Ат жабдыктары ооздук, , басмайыл, көмөлдүрүк, куюшкан кайыштан жасалып, муундарын жаап турган түймөлөр менен кооздолгон. Түймөлөр томпок жана жалпак келип, оюм-чийимеси бар күмүш менен капталган. Булгаары менен капталган жарашыктуу сабынан жана өтө тыгыз өрүлгөн камчыдан турган камчы өзгөчө көркөм табит менен жасалат.

**Жыгач оюу**. Жыгачты оюу менен кооздоо өнөрү кыргыздын салттуу искусствосу. Жыгачтан жасалган идиш-аяктар (чөйчөк, аяк, табак), нан сактоочу үкөк, кийимдерди сактоо үчүн сандыктар, музыкалык аспаптарды салуу үчүн кутулар, боз үйдүн эшиги ж.б.лар оймолор менен кооздолгон. Кыргыздын жыгач оюмдары оймо-чиймеге өзгөчө кооздук берген рельефтин контурунун ачыктыгы жана жумшактыгы менен айырмаланат. Жыгачтан оюу боёо, живопись менен айкалышкан. Оюуда оюм-чийимдин негизги элементтери болуп тегерекчелер, жупташкан мүйүз түрүндөгү тармалдар, үч бурчтуктар жана башка геометриялык мотивдер саналат

Мындан сырткары болочоктогу мугалимдерди **кыргыздын салттуу кийимдери**, боз үйү, килем токуучулук, зергер буюмдар ж.б.у.с. маселелер кеңири тааныштырдык.

Студенттердин кыргыз элинин декоративдик-колдонмо искусствосу жөнүндө маалымат алуусуна жардам берүүдө жогоруда белгиленген жана башка материалдар маанилүү боло тургандыктарын аныктадык. Эксперименттин соңунда эксперименталдык топто кыргыз элинин декоративдик-колдонмо искусствосу жөнүндө так маалыматтарга ээ болгондордун катары өскөн. Бул көрсөткүч аныктоочу экспериментте текшерүүчү топто жакшы билгендер 11 %, эксперименталдык топто 13% болгон, б.а. бирдей деңгээлде. Ал эми калыптандыруучу эксперименттин соңунда эксперименталдык топто 51%га, текшерүүчү топто 30%га жогорулаган. Эксперименталдык топтун студенттеринин саясий маданиятты окуу тарбия ишинде диагноздолуп, коррекцияланып, туура кеңеш бергендиктен саясий маданият боюнча жакшы даярдык алгандыгы менен түшүндүрө алабыз

**Таблица 1. –Студенттердин кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрү боюнча маалыматка ээ болушу (% менен)**

| № | Топтор | Жакшы билем | | Жалпы жонунан билем | | Толук билбеймин | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. Кийи н | Эксп. чейин | Эксп. кийин |
| 1 | Э.Т.(74 студент) | 11% | 51%( | 18% | 34% | 71% | 15% |
| 2 | Т.т.(76 студент) | 13% | 30% | 27% | 29% | 60% | 41% |

Практика көрсөткөндөй, колдонмо-жасалга өнөрүнүн объектилери менен таанышкандан кийин студенттер көркөм кол өнөрчүлүк баалуу тарыхый эстеликтер экенин, алардын адамдардын жашоосундагы мааниси, көркөм багыты ж.б.у.с. жөнүндө жакшы маалыматтарга ээ болушкандыктарын белгилешкен. .

Демек, кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн каражаттары жаш муундардын инсандын руханий-адептик сапаттарынын калыптандырууда олуттуу потенциалга ээ. Мына ушуга байланыштуу кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнүн теориялык жана практикалык маселелерин билген компетенттүү мугалимдерди педагогикалык окуу жайларда даярдоонун зарылдыгы өсүүдө.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү.-Бишкекю1996.-326 б.
2. Максимович В. Ф. Народные художественные промыслы: Научно — методическое пособие для преподавателей и студентов, высших и средних учебных заведений — М.: Флинта, 1999–64с.
3. Моңолдоров Ш.К кыргыздын улуттук оюм чийимдери: Кесиптик тех-к окуу жайлары үчүн окуу куралы-Бишкек1995.-136 б.
4. Сарбагышев А.А. Декоративно-прикладное искусство.- Бишкек: Иннова-ционный центр.2003.
5. Сыдыгалиев, Ж. . Элдик жасалга =н=р. Мищ кыял. Бишкек, 2014

УДК:371.3:372.87
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-264-271

**Джакыпов Кубатбек Куланчиевич**
И. Арабаев атындагы КМУ, Музыка кафедрасы, пед.и.к.,доценттин м.а
**Джакыпов Кубатбек Куланчиевич**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, к.пед.н, и.о. доцента
**Dzhakypov Kubatbek Kulanchievich**
KGU I. Arabaeva, department of music, Candidate of Pedagogical Sciences, Acting associate professor

## ЖАШ МУУНДАРГА КЫРГЫЗ САЛТТУУ КОМУЗУН ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮДӨ КАЛЫБЕК ЖЕКШЕНОВДУН РОЛУ

## РОЛЬ КАЛЫБЕКА ДЖЕКШЕНОВА В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ТРАДИЦИОННОМУ КОМУЗУ МОЛОДЫХ ПОКОЛЕНИЙ

## THE ROLE OF KALYBEK JEKSHENOV IN TEACHING THE KYRGYZ TRADITIONAL KOMUS TO YOUNG GENERATIONS

**Аннотация:** Макалада автор кыргыз салттуу комузунун элибиздин руханий дүйнөсүндөгү алган орду, анын калыптанып өсүп-өнүгүүсүнө коомдук факторлордун таасири, Совет доорунда салттуу комуздун модернизацияланышы, коммунисттик идеологиянын салттуу музыкага анын ичинде комузчулук өнөргө болгон оң жана терс мамилелери камтылып, эгемендүүлүктүн келиши менен аткарылган иш аракеттер тууралуу баяндалган. Салттуу комуздун музыкалык